**<u>Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган</u>**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Нурлан Берикович Садыковдун Мирлан Сабырбекович Бекбаевдин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 46 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

# ТОКТОМУ

2017-жылдын 10-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Н.Б. Садыковдун М.С. Бекбаевдин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын

13-июлундагы № 46 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Н.Б. Садыковдун М.С. Бекбаевдин кызыкчылыгындагы даттануусунда баяндалган жүйөлөрдү жана өтүнүч боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 20-июнунда Н.Б. Садыковдун М.С. Бекбаевдин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313 жана $313^1$-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин «ошондой эле ... чыгарылышы мүмкүн» жана «жогору турган сот да чыгарышы мүмкүн» деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 381-беренесинин 1-бөлүгүн, «зарыл учурларда» деген сөздөр менен баяндалган 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесине, 26-беренесинин 1, 2 жана 4-бөлүктөрүнө, 27-беренесинин 3-бөлүгүнө, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Келтирилген материалдардан, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети Чүй областынын Жайыл районунун прокуратурасынын кызматкери М.С. Бекбаевге карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту, $313^1$-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункту менен каралган кылмыштарды жасоодо айыптоо боюнча жазык иши козголгону келип чыгууда.

Жайыл райондук сотунун 2015-жылдын 28-августундагы өкүмү менен М.С. Бекбаев далилденбегени үчүн акталган, Чүй областык соту 2016-

жылдын 16-ноябрында ал өкүмдү өзгөртүүсүз калтырган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2017-жылдын 4-апрелиндеги аныктамасы менен жогоруда көрсөтүлгөн соттук актылар жокко чыгарылган жана жазык иши жаңы кароого жөнөтүлгөн.

Арызданууччунун пикири боюнча, кызмат адамы өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууга байланышпаган укукка каршы аракеттерди жасаган учурда алар кызматтык кылмыштардын курамын түзбөйт. Күнөөлүү адам пара алууда ал алган мүлктүк киреше мыйзамсыз экенин жана ал тараптан өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында пара берген адамдын же анын атынан чыккан адамдардын пайдасына белгилүү бир аракеттерди жасого багытталганын түшүнүүдө. Кармоо учурда М.С. Бекбаев жабыр тарткандын иши боюнча тергөө менен алек эмес болуучу, демек, иш боюнча кызматтык милдеттерди аткарып жаткан эмес болуучу. Арызданууччу, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313 жана $313^1$-беренелери бул учурда М.С. Бекбаевдин укуктарын бузууда жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келүүдө деп болжойт, ага ылайык ар бир адам мыйзамда каралган тартипте күнөөлүү экени далилденмейинче жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайынча кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбейт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин жогоруда көрсөтүлгөн ченемдери менен белгиленген жазык жосунун квалициякациялоо тартиби тергөө жасабаган жана жазык иши боюнча тергөөнүн жүрүшүнө көзөмөл жүргүзбөгөн адамды мыйзамсыз жоопкерчиликке тартууга жол берүүдө.

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жазык ишин жаңы кароого жөнөтүүдө Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктун жетекчиликке алган. Арызданууччунун пикири боюнча Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин бул ченеми, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет, ага ылайык бир эле укук бузгандык үчүн эч ким кайра юридикалык жоопкерчилик тартпоого тийиш, ошондой эле

Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 14-беренесине ылайык жазык-процесстик мыйзамга ылайык толугу менен соттолгон же акталган адам ал кылмыш үчүн кайрадан соттолбойт же жазаланбайт.

Андан тышкары, арыздануучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 2, 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келет, ага ылайык күнөөлүү экенине карата ар кандай шектенүү айыпталуучунун пайдасына чечмеленет жана Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тергөө органдары тарабынан кетирилген орой бузууларды аныктаган учурда, жазык ишти жергиликтүү соттордун жаңы кароосуна мыйзамсыз жөнөтүүдө деп эсептейт.

Ушуга байланыштуу, арызданучу, эгер аталган Кодекстин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 15-беренесинин 3-бөлүгү, 18-беренеси, 81-беренеси менен өз ара байланышсыз колдонулса, анда ал конституциялуу эмес деп эсептейт. Көрсөтүлгөн беренелер аталган Кодекске ылайык тиешелүү укуктук процедура алкагында четтетилүүгө мүмкүн болбогон атаандаштык жана далил түйшүгүнүн, айыптоонун далилденгендигине шек саноолорун чечмелөөнүн принциптерин белгилөө маселелерин регламенттейт.

Ошондой эле арызданучу, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 381-беренеси Жогорку сотко зарыл болгон учурда гана жеке аныктама чыгарууга укук берет, ал эми мыйзамда андай учурлардын тизмеси аныкталган эместигин белгилейт. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту менен тергөө органдары тарабынан далилдерди чогултууда жазык-процесстик мыйзамдарды көп жолу бузууларды  кетиргендиги аныкталганы менен, ал тараптан жеке аныктама чыгаруу формасындагы чаралар колдонулган эмес.

Ошентип, арызданучунун пикири боюнча, мыйзам үстөмдүгү камсыздалган эмес жана тергөө органдары тарабынан далилдерди жалган

кылып келтирүү фактыларына баа берилген эмес, бул өз кезегинде күнөөлүү кызмат адамынын жоопкерчиликтен кутулуп кетишине көмөк болгон.

Баяндалганды эске алуу менен, арызданууч талашылып жаткан ченемдерди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 5-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 13-июлундагы № 46 аныктамасы менен кийинки негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүштө кароо мүмкүндүгүнөн жана кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын жалпы талаптарына ылайык келүүсүнөн келип чыгат.

Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык кайрылууда кайрылуучунун өзү койгон маселеси боюнча көз карашы жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтемеси менен укуктук негиздемеси болуусу керек.

Арызданууч өзүнүн өтүнүчүндө талашылып жаткан ченемдер укук коргоо органдары жана соттор тарабынан туура эмес колдонулуп жаткандыгын көрсөтүүдө. Бирок, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык талашылып жаткан ченемдик укуктук актынын укуктук колдонулуусуна байланыштуу маселелерди кароо Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарынын алкагына кирбейт. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз

Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы укук маселелерди гана белгилейт жана чечет. Демек, кайрылууда жүйө катары келтирилген кызмат адамдардын аракеттери талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугундагы күмөндүүлүктү туудурган жагдай катары бааланышы мүмкүн эмес жана талашылып жаткан ченемдин Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктү туудурбайт, бул «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацына ылайык ишти конституциялык сот өндүрүшү алкагында кароо үчүн сөзсүз шарт болуп саналат.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, эгерде кайрылуу таризи жана мазмуну боюнча жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту тууралуу судьялар коллегиясы, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болгон жана 2009-жылдын 9-июлунда ал боюнча чечим кабыл алынгандыгын белгилеген. Көрсөтүлгөн чечимде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жергиликтүү сотордун актыларын жокко чыгаруу жана биринчи же аппеляциялык инстанцияларга жаңыдан карооого иштерди жөнөтүү ыйгарым укуктары конституциялуу, соттук коргоого кепилдикти камсыз кылуучу жана иштин жагдайларынын ар тараптуу, толук жана объективдүү изилденишине, ошондой эле ал боюнча адилеттүү чечимдин чыгарылышына көмөк болуучу деп таанылган.

Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктунун талашылып жаткан ченемдик жоболору тууралуу конституциялык

контролдоо органынын кароо предмети болгон жана күчүндөгү акты бар, ал «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууга алып келет деп белгилеген.

Жогоруда баяндалганды эске алуу менен, судьялар коллегиясы бул кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Н.Б. Садыков судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, 2017-жылдын 30-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арыздануучу өзүнүн даттануусунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы аныктамасы кийинкидей себептер боюнча негизсиз чыгарылган деп көрсөтүүдө.

Н.Б. Садыков өтүнүчтө укук коргоо органдарынын аракеттери, аларды жакшыраак түшүнүү үчүн мисал катары баяндалган болуучу деп айтууда. Андан ары арызданууч, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болгону жана 2009-жылдын 9-июлундагы күчүндөгү чечими бар экени менен макулдугун белгилейт. Бирок, арызданууч көрсөтүлгөн ченемди толугу менен эмес, жарым-жартылай гана, башка жүйөлөр жана негиздер боюнча конституциялуу эмес деп көрсөтүүдө.

Ушуга байланыштуу, Н.Б. Садыков Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алууну сурануу.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну

өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык ишти кароого негиз болуп мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу эсептелет.

Ченемдик укуктук актылардын конституциялуулук презумпциясынын күчүнө карай ченемдик укуктук актылардын конституциялуу эместиги тууралуу маселени коюу алардын конституциялуулугунда күмөндүүлүктү туудурган ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн.

Арызданучу, судьялар коллегиясынын укук колдонуу тажрыйбасына байланышпаган укуктук аргументтерди келтирүү зарылдыгы жөнүндө жүйөлөрдү эске алган жок, кандайдыр бир укуктук негиздеме жасабастан талашылып жаткан ченемдерге баа берүүнү кайталап суранууда.

Арыздануучунун жүйөлөрү укук колдонуу тажрыйба жаатындагы көйгөйлөр жөнүндө гана күбөлөндүрөт, ал эми ой-жүгүртүүсү абстрактык мүнөзгө ээ, өзү шилтеме жасаган конституциялык ченемдер менен тутумдаш байланышы жок. Демек, анын жүйөлөрүн Кылмыш-жаза жана Жазык-процесстик кодекстеринин талашылып жаткан ченемдеринин конституциялуулугунун күмөндүүлүгүн ырастаган укуктук аргумент катары кароого болбойт.

Андан тышкары, даттанылып жаткан аныктамада Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту конституциялык контролдоо органынын кароо предмети болгону, жана ал маселе боюнча укуктук көз караштын болгону белгиленген, ошентсе да, арыздануучу судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, көрсөтүлгөн ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 2 жана 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы судьялар коллегиясынын бул маселе боюнча жүйөлөрү негиздүү экендигин белгилейт. Конституциялык контролдоо органынын чечимдеринин милдеттүүлүгү жана акыркы болуп саналгандыгынан улам, аны толугу менен же кайсы бир бөлүгүн жокко чыгаруу максатында кайра карап чыгуу мүмкүн эместигин белгилейт.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданыуучунун даттануусун канааттандыруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Б. Садыковдун М.С. Бекбаевдин кызыкчылыгындагы «Нурлан Берикович Садыковдун Мирлан Сабырбекович Бекбаевдин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313 жана $313^1$-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин «ошондой эле ... чыгарылышы мүмкүн» жана «жогору турган сот да чыгарышы мүмкүн» деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемдик жоболорунун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 381-беренесинин 1-бөлүгүнүн, «зарыл учурларда» деген сөздөр менен баяндалган 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын

2017-жылдын 13-июлундагы № 46 аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**